
КЫРГЫЗЭКСПОРТ

# AliExpress’ке катталуу процесси



## Учурда AliExpress аянтчасында (сайтында) Россия, Испания, Италия, Түркия, Франция, Бразилия, Түштүк Корея жана материктик Кытайдан келген сатуучулар гана соода кыла алышат.

Сиз компанияны тизмеленген өлкөлөрдүн биринде каттоодон өткөрө аласыз. Мисал катары, биз материктик Кытайдын аймагында катталган компанияны каттоодон өткөрүүнү карап чыгабыз.

## AliExpress’ке катталуу үчүн керек болгон документтер:

- Компанияны каттоодон өткөрүү тууралуу күбөлүк
- Салык төлөөчүнүн жеке номери
- Паспорту
- Товардык белгини каттоо

Мына эми бизде баардык документтери бар компания бар.

КЫРГЫЗЭКСПОРТ

## AliExpress'теги seller аккаунтту каттоодон өткөрүү үчүн эмне керек:


- Alipay бизнес -аккаунтун каттоодон өткөрүшүңүз керек (бул үчүн компаниянын юридикалык макамын тастыктаган документтердин болуусу зарыл. Брендиңиздин квалификациясын көрсөтүү, тарифтик планды тандоо жана жылдык техникалык тейлөө акысын төлөөгө макулдук берүү керек).
- Салык төлөөчүнүн жеке номерин алуу
- Компанияны катоо тууралуу күбөлүктү алуу
- Паспорт
- Депозит (Көпчүлүк категориялар үчүн депозит 10 000 юанды түзөт, эгерде эсеп жокко чыгарылса, сатуучуга кайтарылып берилет).

Кыргызстандык юридикалык жактарга  Alipay бизнес- аккаунтун ачуу үчүн  кытай банкында юридикалык жактын атына ачылган  жарактуу банк эсеби болушу зарыл.

Компания үчүн Кыргызстандагы Visa жана MasterCard  карталар системасы жараксыз.


Бардык керектүү документтерди даярдагандан кийин, биз AliExpress'те дүкөнүбүздү каттоодон өткөрүүгө өтсөк болот.

Google издөө системасына AliExpress seller'ди киргизип, биринчи шилтеме боюнча өтөбүз.




КЫРГЫЗЭКСПОРТ


Бул баракчада Join AliExpress (AliExpress’ке кошулуу) баскычын басабыз.



Сиз каттала турган өлкөнү тандоо формасы менен кийинки баракчага багытталасыз.




Аянтча Кытай үчүн сизден жаңы интерфейске өтүүнү суранат. “Click here to go to the new workstation” текстин басабыз.



# Сиздерге мындан ары каттоодон өтүү үчүн бардык талап кылынган талааларды толтурууну сунуштайбыз

- Email (электрондук дарек)
- Сиздин электрондук почтаңызга келе турган текшерүү коду
- Сырсөз
- Кытай телефонунун номери
- Телефондун номерине келе турган текшерүү коду
- Эки кушбелгисин (галочка) коюп жана «register» (каттоодон өтүү) басыңыз



Мындан ары бардык скриншоттор кытай тилинде болот, анткени компанияны каттоодо Кытай тарап сизге маалыматтарды документ менен салыштырып текшерүү үчүн берет. Акча бирдигин тандоодо система жарыялабастан эле юанды колдонот. Бул жөнөкөй баа коюу логикасы үчүн жасалат. Кийинчерээк керек болсо акча бирдигин долларга айландырсаңыз болот.


# Акча бирдигин тандоону аяктагандан кийин, эки аутентификация ыкмасынын бирин тандашыңыз керек.

- Биринчиси - Enterprise Alipay сертификациясынан өтүү аркылуу. Эгерде сиздин бизнес-лицензияңыз Enterprise Alipay'де берилген болсо, бул ыкманы колдонуу менен арыз берүү ыңгайлуураак.
- Эгер сизде Alipay корпоративдик аккаунтуңуз жок болсо, аутентификациянын экинчи ыкмасын колдонуу сунушталат.



# Каттоодон өтүү маалыматын өз алдынча толтуруу жана корпоративдик юридикалык жактын сертификатынан өтүү үчүн кийинки документтерди даярдоо керек:

- Alipay каттоо эсебин
- Компанияны каттоо тууралуу күбөлүктүн сүрөтүн



Компания тууралуу маалыматты толтургандан кийин, «Сактоо» баскычын басып, андан кийин юридикалык жакты аутентификациядан өткөрүү баракчасына өтүү үчүн «Кийинки» баскычын басыңыз. Сиз уруксат алуу үчүн QR кодун сканерлөө үчүн Alipay юридикалык жактын чыныгы атын түздөн-түз колдоно аласыз. Alipay’де сакталган маалымат түздөн-түз шайкештирилет.



Андан кийин баракчага юридикалык жактын күбөлүгүнүн алдыңкы жана арткы бетинин сүрөттөрүн жана байланыш маалыматын кошуу керек (милдеттүү түрдө эмес). Андан кийин «储蓄» (Сактоо) баскычын басыңыз. Система өзү каталарды текшерет. Маалыматтын тууралыгын ырастагандан кийин «进入开店» (дүкөнгө кирүү) баскычын басыңыз.




Маалыматты текшерүүгө жөнөткөндөн кийин 15-20 мүнөт өткөн соң AliExpress текшерүүнүн жыйынтыгын чыгарат. Текшерүүдөн өткөндөн кийин, сиз баракчаны жаңыртып, дүкөндү ачуу үчүн “Кирүү” баскычын басыңыз. Андан кийин дүкөндүн бизнес категориясын ырастап, депозит салышыңыз керек. AliExpress депозиттик балансты тоңдуруп коёт.



Категорияны тандап жана депозитти төлөгөндөн кийин товардык белгини кошуу жана квалификацияга арыз берүү процесси башталат.

Товардык белгини кошуудан мурда, сиз AliExpress платформасында кошууну каалаган товардык белгинин бар-жогун издеп, билип алсаңыз болот.



# Кийинки маалыматтарды толтурушуңуш керек:

- Дүкөндүн кытай тилиндеги аталышын
- Англис тилиндеги аталышын
- Арыздын номерин
- Товардык белгини каттоо жөнүндө күбөлүктү
- Товардык белгинин ээсин көрсөтүү керек



ALiExpress’те дүкөн ачууда сиз дүкөндөрдүн үч түрүнүн бирин тандай аласыз: расмий, адистештирилген жана эксклюзивдүү. Дүкөндөрдүн ар кандай түрлөрү ар кандай материалдарды талап кылат. Биз расмий дүкөндү каттоодон өткөрөбүз.

## Расмий дүкөн үчүн сиз төмөндөгүлөрдү даярдашыңыз керек:

- Товардык белгини каттоо жөнүндө күбөлүк
- Эгерде товардык белгинин ээси - жеке жак болсо, анда идентификациялык күбөлүктүн көчүрмөсүн да берүү керек.

Баардык маалыматтарды толтуруп жана тастыктаманы алгандан кийин, сиздин дүкөнүңүз ийгиликтүү ачылат.

КЫРГЫЗЭКСПОРТ

# Сизге ийгиликтүү сатууларды каалайбыз!